# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨНӨРКАНАДАН

Кыргыз тили предметин окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу

- 

- №82жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тил жана адабият мугалими Таабалдиева Гулзат Асанбековна

- Бишкек шаары-2020

# АКЫЛМАН
# ЖАНА КӨПӨЛӨК

(ПРИТЧА

БАРДЫГЫ БИЗДИН КОЛУБ



ТЕМА: КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

Мазмуну:

1.Киришүү

2 Кыргыз тили предметин окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу жана анын зарылдыгы

3.Жыйынтык

# КИРИШҮҮ

- Заман талабына ылайык азыркы учурда окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу, өзгөчө кыргыз тили жана адабияты сабагын окутууда чоң даярдыкты талап кылып келет.Дүйнөдөгү жана коомубуздагы интернет желеси чырмалышкан мезгилде, балдардын кызыгуусун сабакка буруу, сабаттуулугун арттыруу, каармандар менен баарлаштыруу, алардын жан дүйнөсүн түшүнүүгө, кошо кубанып, кошо кайгырууга тартуу, албетте, оңойго турбайт.
- Азыркы учурда мугалимдер ар бир сабакка терең изденип, даярдык көрүп, заманбап интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сабактарды өтүү аракетинде болууда.
- Кыргыз тили предметин окутууда да маалыматтык технологияларды колдонуу зарылдыгы келип чыгууда. Салттуу сабактагыдай көнүгүүлөр жазуу, талдоо, карточка таркатуу менен окуучуларды кызыктыруу кыйынга турары жашыруун эмес.

«Кут билим» газетасынын 2019-жылдын 20-августтагы санындагы «Методикалык сунуштарга» кайрылсак: «Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү» жылына карата окуу китептеринин, окуу методикалык колдонмолорунун санариптештирилген вариантын жана мульти- медиалык жаңы технологияларды колдонуу учурда актуалдуу маселелерден экендиги талашсыз» деп  айтылат.

Аталган сандагы «Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили предметин окутуу боюнча» методикалык сунуштарда: «Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 5-11 -класстарда кыргыз тили предметин окутууга карата мамиле өзгөрүп, балдардын оозеки, жазуу, байланыштуу кебин, чечендик-ораторлук жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган заманбап технологияларды колдонуу абзел...

...Коммуникативдик ишмердүүлүк ыкмасын пайдалануунун эң негизги милдети- тилдин структурасы жана мыйзамдары тилдик системанын бардык элементтерин бириктирген бир бүтүндүк катары таанытуу. Окутуунун мындай бирдиктүү бүтүндүгү бул –текст. Анткени дал ушу текстте тилдин бардык элементтери белгилүү бир системага биригишет жана текст жасоочулук функцияга ээ болот. Кыргыз тилин окутууда адабий тилдин бардык функционалдык стилдерине ( оозеки-сүйлөшүү, көркөм, окуу-илимий, публицистикалык, расмий  иштиктүү стиль) ылайык тексттердин ар кыл түрлөрүн кеңири пайдалануу сунуш кылынат»-дейт авторлор.

БУЛ СУНУШКА ТАЯНЫП КЫРГЫЗ ТИЛ САБАКТАРЫНДА ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨГӨ КӨҢҮЛ БУРУП КЕЛЕМ. АЛАРДЫН БИРИНЕ ТОКТОЛУП КЕТСЕК.

ТЕМА: БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ.
БЫШЫКТООГО ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

1.Класс 3 топко бөлүнгөн, топ жетекчилери шайланган, баалоо көрсөткүчтөрү белгиленген.

**1-кадам**. Текст алгач уктурулат. (угуу-аудирование)

Текст ким жөнүндө, кайсы чыгармадан үзүндү?

(окуучулардын жообу угулат, такталат)

## 2-КАДАМ .ТЕКСТ АР БИР ОКУУЧУГА ТАРКАТЫЛЫП БЕРИЛЕТ.     (ОКУУ)

- Тиркеме №1
- Маралдар ошо күнү эртен менен сууга түштү. Күн шашке болгондо жогорку чоң токойдон чыгышты да, шашпай ылдыйлай беришти. Күн көтөрүлгөн сайын түнү менен суукка чыйрыгып чыккан токой ичине жылуулук тарап, шүүдүрүм баскан жалбырактардын бетине нур ойноп, аба нымдашып турат.
- Токой аралап, ачык жерге чыкканда күнгө соору тосуп токтой калып, шүүдүрүмдүү жалбырактарды тандап үзүп, маралдар жай келатты. Алар кечээги Орозкул менен Момун алиги балакеттүү устунду сүйрөп түшкөн жол менен келатат. Чымды каңтарып, кара топуракты челип өткөн устундун изи жаңы бойдон.Устун азыр кечитте жатат. Маралдардын суу ичер жери да ошер болчу.
- Машинени кандай айдап келип, устунга трос байлап, кандай чыгарып кетиштин жолун чалмакка Орозкул, Сейдакмат, дагы эки киши болуп, сууну көздөй келаткан. Алардын артында таяк жеген иттей болуп, башын жерге салып, Момун чал келе жатат.

# 3-КАДАМ. ТЕКСТ БОЮНЧА БЕРИЛГЕН ТАПШЫРМАЛАРДЫ ӨЗ АЛДЫНЧА АТКАРЫШАТ. (ЖАЗУУ)

- Тиркеме №2 Туура жообун тапкыла

1. Маралдар ошо күнү эртен менен ... түштү.

А) токойго

Б) ылдый

В) тоодон

Г) сууга

2.Устун .... кечитте жатат.

А) кечээ

Б) азыр

В) түштө

Г) кечинде

3. Маралдардын суу ичер ... да ошер болчу.

А) мезгили

Б) орду

В) жери

Г) жайы

(Бир окуучу компьютерге жазып аткарат, жообу экранга чыгат)

**4-кадам**

Тиркеме №3

Боштуктарды толуктагыла

**1.Күн шашке болгондо жогорку _______ _____________ чыгышты да, шашпай ылдыйлай беришти.**

**2. Чымды каңтарып, кара топуракты челип өткөн _________ изи жаңы бойдон.**

**3.Алардын артында ______ ______ ______ болуп, башын жерге салып, Момун чал келе жатат.**

**4.Алар кечээги Орозкул менен Момун алиги сүйрөп түшкөн _______ _______келатат.**

5-кадам Тиркеме №4 Сүйлөмдөрдү туура байланыштыргыла, баш жана багыныңкы сүйлөмдү аныктагыла

| | |
|---|---|
| **Күн көтөрүлгөн сайын түнү менен суукка чыйрыгып чыккан токой ичине жылуулук тарап, шүүдүрүм баскан жалбырактардын бетине нур ойноп,** | **маралдар жай келатты.** |
| **Токой аралап, ачык жерге чыкканда күнгө соору тосуп токтой калып, шүүдүрүмдүү жалбырактарды тандап үзүп,** | **сууну көздөй келаткан.** |
| **Машинени кандай айдап келип, устунга трос байлап, кандай чыгарып кетиштин жолун чалмакка Орозкул, Сейдакмат, дагы эки киши болуп,** | **аба нымдашып турат.** |

**6-КАДАМ** БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР БЕРИЛЕТ, ОКУУЧУЛАРДЫН ЖООБУ, ЭРЕЖЕ ЭСКЕ ТҮШҮРҮЛӨТ (СҮЙЛӨӨ)



7-КАДАМ МУГАЛИМ ТЕКСТТЕ СӨЗ БОЛУП ЖАТКАН УЧУРДУ ЧАГЫЛДЫРГАН СҮРӨТТӨР КӨРСӨТҮҮ МЕНЕН ТЕКСТТИ ЖЫЙЫНТЫКТАЙТ (КӨРҮҮ-ЭСКЕ ТУТУУ)



# ТИРКЕМЕ №7



# ТИРКЕМЕ №8



Чакан текстти 7 кадамга бөлүү менен 7 тапшырма аткарылды.

1.Угуу-аудирование

2.Окуп-түшүнүү

3.Туура жообун 4 варианттын ичинен, таап  көп чекиттин ордуна коюу

4.Боштуктарды толуктоо

5.Сүйлөмдөрдү туура байланыштыруу жана баш жана багыныңкы сүйлөмдү атап көрсөтүү

6.Өтүлгөн теманы  окуучулардын схема менен жыйынтыктоосу

7.Мугалимдин текстти  сүрөттөр менен  жалпы  жыйынтыктоосу

ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨДӨ 3-5-ТАПШЫРМАЛАРДЫ ОКУУЧУЛАР, ЭГЕР МҮМКҮНЧҮЛҮК БОЛСО, КОМПЬЮТЕРДЕ АТКАРА АЛЫШАТ, ЖООБУ ЭКРАНДА ЧЫГАТ, ТЕКШЕРИШЕТ.

КҮНҮМДҮК САБАКТАРДА ОКУУЧУЛАР АЛГАН КӨНДҮМДӨРҮН «КЫРГЫЗТЕСТТИН» «МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ B1 ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ӨЗДӨШТҮРҮҮСҮН» ИЙГИЛИКТҮҮ ТАПШЫРА АЛЫШАТ.

- 5 субтести окуучу компьютерде жеке кабинада белгиленген убакыт аралыгында тапшырат, тиешелүү % алат.
- 1.Лексика. Грамматика.
- 2.Угуу
- 3.Окуу
- 4.Жазуу
- 5.Сүйлөө

САБАКТАРЫБЫЗДЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ӨТҮҮДӨ ОКУУЧУЛАРДЫН УГУУ, КӨРҮҮ, ЭСКЕ ТУТУУ, ОКУУ, ТҮШҮНҮҮ, ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮН ӨСТҮРҮҮ МЕНЕН КАТАР БИРДИКТЕ ИШТӨӨГӨ, ЗАМАНБАП ТЕХНИКАЛЫК ЖАБДУУЛАРДА ИШТЕЙ АЛУУ, ӨЗ АЛДЫНЧА МААЛЫМАТТАР ТАБУУ, ТАЛДОО, ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ, ӨЗ ПИКИРЛЕРИН БИЛДИРҮҮ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ДА АРТТЫРУУГА ЖЕТИШЕБИЗ

- Жыйынтыктап айтканда, талапка ылайык сабак өтүү үчүн ар бир мугалим изденет. Окуу кабинети заманбап жабдуу менен жабдылган болсо, анда мугалимге абдан женил болмок. Бирок ага карабастан интернет булактарынан ар кандай тажрыйбалар, усулдар, маалыматтар табуу менен сабактарын уюштуруп келет. Кыргыз тили жана адабияты предметин өтүүдө биз:
- * кыргыз фильмдерин
- *кыргыз драмалык театрынын спектаклдерин
- * кыргыз мультфильмдерин
- *куурчак театрынын оюндарын
- *онлайн тесттер
- * «Кыргыз тест» онлайн тест
- *ЖРТ даярдыктар
- *IBILIM.kg
- *bilimbulagy.kg
- *аудиокитептерге таянып, сабактарыбызда колдонуп келебиз.

# АЗЫРКЫ ЗАМАНБАП ОКУУЧУНУН МОДЕЛИ КЕЛИП ЧЫГАТ

предметтик жогорку компетенттүүлүк

Маалыматтык жана компьютердик компетенттүүлүк



чет тилдерди билүү

Экономикалык сабаттуулук